# БАЛДАР ДҮЙНӨСҮ – ЖАЗУУЧУНУН КӨРКӨМ ИЗИЛДӨӨСҮНДӨ

## (К.Осмоналиевдин балдарга арналган чыгармаларынын мисалында)

**Жунусалиева К.Т.**
*Жунусалиева Кундуз Тотоновна – ф.и.к., доцент,*
*Талас мамлекеттик университети, Талас ш.*

УДК.894.341-09 (043.3)

***Аннотация*** *Көркөм адабияттын балдарга арналган үлгүлөрү баарыдан мурда балдарга эмгектик, нравалык жана эстетикалык жагынан тарбия берүү болуп саналат.Макалада ошол балдарга арналган чыгармалар жазуучунун көркөм изилдөөсүндө кандай изилденгендигинин жолдору тууралуу анализ берилет*

***Түйүндүү сөздөр:*** *нравалык, эстетикалык тарбия, кенже жанр, этнографизм*

***Аннотация*** *Художественная литература посвященное детям считаются первыми образцами трудового, нравственного и эстетического воспитания. В статье анализируется художественное исследования произведения писателя посвященное детям.*

***Ключевые слова:*** *нравственное, эстетическое воспитание, маленький жанр, этнографизм*

***Annotation*** *Fiction literature devoted to children are the first examples of labor, moral and aesthetic education. The article analyzes the artistic research of the writer's works dedicated to children.*

***Key words:*** *moral, aesthetic education, small genre ethnographism.*

Согуштан кийинки мезгилде балдар адабиятынын идеялык жана практикалык маселелери адабий коомчулуктун алдына кабыргасынан коюлуп, бул багытта акын-жазуучулардын изденүү пассивдүүлүгү белгиленип, жаш жеткинчектердин, келечектеги заман ээлеринин граждандык-нравалык өнүгүшү коом жана тарбия, мектеп жана үй-бүлө өңдүү проблемаларды чагылтуу, көркөм жалпылаштыруу өңдүү милдеттер алдыңкы планга чыккан.

“Балдар адабияты бүгүнкү теманы жетишерлик көрсөтө албай жатат. Биздин адамдардын баатырдык эмгеги жөнүндө, мектеп жана мугалимдер жөнүндө, комсомолдор жөнүндө, биздин мекенибиздин байлыктары жөнүндө эң эле аз жазылган. Жазуучуларыбыз Социалисттик Эмгектин Баатырларынын турмушу жана чыгармачыл эмгеги менен, советтик интеллигенциянын ар кыл кызык иштери менен таанышпагандыгын көрсөтөт” [8. 1952, 6-февраль].

1952-жылы февраль айында болуп өткөн Республикалык кеңешменин жыйынтыгында, балдар адабиятынын ал-абалына мына ушундайча баа берилген эле. Бул кеңешме кыргыз жазуучулардын уюму, агартуу министрлиги жана комсомолдун республикалык Борбордук комитети тарабынан уюштурулуп, ага педагогдор, комсомол, пионер уюмдарынын кызматкерлери жана көркөм сөз чеберлери тартылган.

Мындай коомдук иш-чара жана милдеттер адабий процессте өз үнүн ачык чыгара албай, бардык мүмкүнчүлүгүн толугу менен пайдалана албай артта калып, балдар адабиятынын библиографиясына кылдат серп салганыбызда, анын сандык, сапаттык жагынан алдыга кескин кадам ташташканын көрөбүз. Ал эми 1953-жылы Кыргызстан мамлекеттик басмасынын базасынын негизинде “Мектеп” басмасынын уюштурулушу жана анын балдар үчүн жазылган чыгармаларды өзүнчө китеп түрүндө чыгаруу милдетин колго алышы, көркөм өнөрдүн мындай татаал жана спецификалуу формасынын коомдук аброюнун чындап көтөрүлүшүнө кол кабыш кылганга жарады. Бул учурда жеткинчектерге арналган адабияттын мазмундук жана формалык жактан өскөндүгү калемгерлердин автордук составына да көз каранды эле. Аталган учурда балдар адабиятынын оорун колдон, жеңилин жерден алган жөндөмдүү өзүнчө бир толкуну менен толукталды. Ш.Бейшеналиев, Т.Абдымомунов, М.Жангазиев, К.Каимов, Ш.Садыбакасов, А.Кыдыров, И.Исаков, Т.Касымбеков, Ж.Таштемиров, Т.Байгабылов, К.Осмоналиевдин адабий процесске ыкчам аралашышы жана алардын ар түрдүү идеялык-тематикалык багыттыгы поэтикалык, прозалык чыгармалары жеткинчектерге арналган адабий-көркөм өнөрдүн ар тараптан өнүгүшүнө себепкер болду

Улуу муундагы жазуучулардан балдар адабиятынын проблемаларына көңүл бөлүп, улуттук казынабызды оригиналдуу мүнөздөгү кубулуштар менен байытышкан. Т.Сыдыкбековдун “Тоо балдары” романы, К.Жантөшевдин “Тилек”, “Ашуу ашкан суу” илимий-фантастикалуу повесттери, Р.Шүкүрбековдун “Эки бөжөк”, Н.Байтемировдун “Жаш муундар”, “Бекем достук”, “Сагын”, Ш Бейшеналиевдин “Ак тайлак”, “Кычан”, Т.Касымбековдун “Жылкычынын уулу” аттуу повесттер жана аңгемелер жыйнактары дал ошол 50-жылдардагы чыныгы чыгармачылык изденүүлөрдүн жемиши болуп саналат.

Балдар адабиятынын бөбөктөргө, кенже балдарга, тестиерлерге жана өспүрүмдөргө арналган адабий чыгармалардын ичинен айрыкча аңгеме жанры интенсивдүү мүнөздө өнүгүү жолуна түшкөн. Жанр кичинелердин турмушун, жан-дүйнөсүн ыкчам жана таасирдүү чагылта ала турган, таалим-тарбия берүүнүн ийкемдүү жана таасирдүү формасы катарында таанылды. Жаш жеткинчектердин социалдык-моралдык негиздерин калыптандырууда, аңгеме башка жанрларга салыштырмалуу активдүү роль ойной баштады. Улуттук жазуучулар балдарга арналган чыгармаларында элдик оозеки чыгармачылыктын сюжеттерин, образдарын, мотивдерин жана жанрларын ийкемдүүлүк менен пайдалана баштады. Натыйжада, адабий жомоктор чыгармачылык изденүүлөрдүн жемиши катарында чыкты. Проза жанрында калем шилтеген жазуучулардын чыныгы реалисттик багыттагы көлөмдүү жана мазмундуу чыгармаларды балдарга арнагандыктарын өзгөчө белгилөө менен, алардын ичинен балдар жазуучусу К.Осмоналиевдин чыгармачылыгы кандайдыр бир деңгээлде реалисттик багытта өзүнчө сөз кылууга мүмкунчүлүк берерин белгилөөгө болот.

Жазуучунун чыгармачылыгында балдарга арналган чыгармалары балдар адабиятында көрүнүктүү орунду ээлейт.

К.Осмоналиевдин басма сөз бетине жарыяланган алгачкы аңгемеси - “Аңчылык ушундай болобу?” деген балдар үчүн жазылган чыгармасы. Бул чыгармасы “Кыргызстан пионери” газетасынын 1955-жылы 9-апрелдеги санына жарыяланган. Аталган аңгеме автордун 1960-жылы “Канат” аттуу китебине киргизилген да, чыгарманын аталышы өзгөртүлүп “Аңчылык ушундай болду” деп жарыяланган. Экинчи жагынан, автор газетадагы ангеменин текстине мазмундук жана көркөмдүк жагынан айрым толуктоолорду, чыгармачылык айрым редакциялык иштерди жүргүзгөнү байкалат. Чыгармада камтылган турмуш-тиричилик көрүнүштөрү ириде балдар чөйрөсүнөн ылганып алынышы шарт жана жаш муундун социалдык, граждандык жана биологиялык жактан калыптанышынын негизи, маанилүү проблемасын козгоосу керек, жөнөкөй жана түшүнүктүү тилде жазылып, тарбиялык мааниси олуттуу болушу зарыл. Айрыкча бөбөктөр жана башталгыч мектептердин окуучуларына арналган көркөм чыгармалар жакшылыктын,адамгерчиликтин жана гумандуулуктун үрөнүн өстүрүп чыгаруу – башкы милдет. Бул боюнча Н.К.Крупскаянын мындай деп жазганы бар: “Это самый мятущийся, самый критический, самый неуравновещенный возраст: Одно из главных особенности этого возраста еще очень небольшом жизненном опыте” [ 3, 183-б]

“Анча чоң эмес турмуштук тажрыйбадагы” жаш адамдардын айлана-чөйрөсүн таануусу, чоңдор дүйнөсүнөн алган сабактары, граждандык калыптануусу аңгемелердин көркөм изилдөөсүнүн башкы предмети болуп берилиши зарыл. К.Осмоналиевдин алгачкы “Аңчылык ушундай болобу” аңгемеси башталгыч мектептин 2-классынын окуучулары Картаңбай менен Токондун бир күндөгү аңчылыкка чыккан окуясы сюжеттик негиз болуп алынган. Аңгемеде татаалдашкан сюжеттик линия, мүнөздөрдүн курч карама-каршылыгы, социалдык панорамалуулук деле жок. Ал жөнөкөй гана турмуштук окуяга негизделгендиктен, адабий иштелиши жагынан анча татаалдаштырылган эмес. Автор тарабынан элет жериндеги окуган курбулардын жекшемби күнү картайган сары дөбөтүн ээрчитишип, мурда тартып койгон тузактарын көргөнү барышкандыгы, коенго итин агытышканы, бирок мойнуна байланган жиптен улам Балтек аны кармай албаганы, балалык өз ара таарынышуулары жана кыялдануулары, кечинде үйүнө куру жалак кайтышкандыктары чыгарманын өзөгү катарында кабыл алынган. Балдардын балалык кыял жоругуна маашырланган Бердигул аларга тайгандын жаңы туулган күчүгүн тартуулап, кийинки жылдарда коен уулаганга жарап каларлыгын айтат. Картаңбай атасына ушунчалык ыраазы болгондугунан оозуна сөз кирбей, күлүмсүрөп, оозу кулагына чейин жетет ...Аңчылыктан карыган Балтектин айынан жолу болбогон жаш балдардын мүдөөсү кийинки жылы сөзсүз аткарылат деген ишеним менен бүтөт бул чыгарма.

Сюжет куруу маселеси, аларды максаттуу пайдалануу жагынан караганда, чыгарма анчалык барандуу көрүнбөйт. Окуя примитивдүү чагылдырылат. Аңгемеде олуттуу коомдук, нравалык, эстетикалык проблема көтөрүлбөйт, алар автордук башкы идея менен дидактикалык жактан табигый жайгаштырылбайт. Натыйжада, аңгемедеги баяндалган окуя натуралисттик деңгээлден жогору көтөрүлө албаган.

Экинчиден, К.Осмоналиев өзү советтик мектептин таалим-тарбиясын көргөндүктөн, окуучулардын турмушу жөнүндө кабар, макалалар жазып жүргөндүктөн, бул чыгармасында советтик педагогиканын таалим-тарбиясындагы жаш жеткинчектерди сүрөттөйт. Аңгемедеги Картаңбай менен Токондун “астрономиялык проблемалар” боюнча маектешүүсү анын ачык далили. Жазуучунун стили жөнүндө сөз кылганыбызда сюжет кандай примитивдүү тандалып алынса, стили да ошондой деңгээлде калган. Сүрөттөө мүмкүнчүлүгүн кеңири ачуусу көркөм каражаттар менен ыкмалар, боектор дээрлик учурабагандыгына күбө болобуз. Мисал келтирсек:

“-Эй Токон, баягыда агай айтпадыбы беле, Күн ордунда турат,-деп.

-Жер тегеренип жатат ээ?

-Биз баятан бери “зып” этип барып, далай жерди кыдырып келгенибизди билбей калбадыкбы. Кой, мен жердей күлүк болсом жанагы коёнду кармап алып, эртең мектепке алып барат элем.

-Чоңоюп, Күн жөнүндө окусак экен, туурабы, ыя?

-Ананчы .” [5,72-бет ]

Автор бул диалогун жазуу менен алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген баёолугун, психолгиялык өзгөчөлүктөрүн көрсөткүсү келгени менен, анда кашкайып көрүнүп турган бир маанилүү кемчилик бар. Ал каармандар менен автордун ортосундагы эстетикалык аралыктын табигый мүнөздө сакталбай калгандыгынан көрүнөт. Советтик мектептен окуп, тарбия алып жаткан балдардын образын коммунисттик-педагогикалык идея менен шөкөттөп көрсөтөм деген жаш жазуучунун жакшынакай ниети стилдик жагынан өз максатына жетпей калган.

Дегеле К.Осмоналиевдин чыгармачылыгында позитивдүү көрүнүштөр орун алганбы деген суроо туулушу мүмкүн? Маселени ушул өңүттөн алып караганыбызда, калемгердин тунгуч чыгармаларында дурус саамалыктар бар экендигин айта кетүүбүз керек, себеби жаш калемгердин жаш жеткинчектердин психологиясын, дүйнө таанымын, анын бөтөнчөлүктөрүн мектеп жашындагы каармандардын турмушунун мисалында берүүсү анын алдыга жасаган аракети, келечегине үмүттүү карата турган, фактыларды реалдуу көрсөтүүгө аракет кылганы көрүнүп турат.

Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы боюнча жазылган айрым эмгектерде К.Осмоналиевдин прозалык чыгармалары анча эске алынбай, изилдөөчүлөрдүн көз карашынан сыртта калып келсе да анын бул жанрдагы активдүү иштегендигин таанууга болбойт. Анткени калемгердин 50-70-жылдардын ортосундагы чыгармачылык изденүүлөрү, бир топ мазмундуу болду десек жаңылышпайбыз. Ал чыгармалар балдар үчүн жазылган ,идеялык-тематикалык диапазону кең, адресаты ар кыл.

Мезгилдүү басма сөз бетине жарыяланган дагы бир чыгармасы “Өгөй” деп аталат. Бул чыгарма 1957-жылы “Кыргызстан пионери” газетасына жарыяланган. Тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн драмалуу тагдырын чагылдырган бул аңгемеде жазуучу алгачкы чыгармаларына караганда сүрөткерлик кадамды алдыга ишенимдүү таштагандыгы көрүнүп турат. Мурдагы аңгемелеринде автор майда-чүйдө көрүнүштөрдү баяндоо менен алпурушса, мында ал ага турмуш кубулуштарынын мазмунуна басым коюуга жетишкен. Натыйжада, жаш калемгердин сюжет куруу аракети кадимкидей оңунан чыккан. Чыгармадагы каармандардын образдарын ачып берүүгө, олуттуу турмуштук кырдаалдарды бөлүп кароого сүрөткерлик менен мамиле жасайт.

Чыгарманын аты айтып тургандай эле, өткөн замандагы карапайым үй-бүлөнүн тагдыры, б.а. атасынан эрте жетим калган тестиер Абылдын өгөй атасынын колундагы турмушу көркөм баяндалат. Сюжетти майда-чүйдө нерселер менен сүрөттөгүсү келбеген автор Абылдын драмасын көргөзүш үчүн керектүү гана окуяларды тандап алат. Тексттен мисал келтирели:

“Абыл он бирден он экиге кетти. Күндүн көп учурун оюн менен өткөрөр учуру. Атасы буурусун кармап жүргөндө Абыл буурусунга чегилген мурду жырык таргыл өгүз менен сыңар мүйүзү жок өгүздү жетелеп, узунду күнү кечке кычы баскан ичке шыйрагын бороздон чыгарбады.

Ошондо да элүүлөрдөн ашып калган, тарбайган Байгазы мойнун созуп, күрөө тамырын көптүрө бакырганын койбойт:

-Көзүң кашайгыр! Көк өгүздүн мурунтугун ичке тарт, ала болуп калды.

Бир аз күндөн кийин эгиндин отоосу башталды. Куду илбээсинге ок чыгарууга өңүп караган, мергенчиден бетер далысын түйүп, мында да Абыл отоо үстүндө атасы менен бирге болду. Чалы менен баласын түштөнтүүгө Айымкан кырма челегине талкан чалынган арпа максымын көтөрүп келген учурда, Байгазы чоң аякты тартып жиберип, кезек алган Абылга жаман көзү менен карайт:

-Тамакка келгенде менден кем калбайсың, арпа менен арпаканды алигиче ажырата албайсың. Акыры жер сороор сени, кирбийген шайтан.

Жамачылуу боз көйнөгүн этине жымырып, Айымкан бала менен атанын ортосуна түшпөйт”. [6,1957, 4.02.]

Эпизоддон өткөн замандын каардуу, карапайым адамдардын турмуш-тиричилигин өткөрүүдөгү элесин таасын чагылтып турат. Автордун негизги максаты доордун жалпы тарыхый өзгөчөлүгүн сүрөттөө болуп эсептелбейт. Жазуучунун көңүл борборунда ата жана бала проблемасы болгондуктан, алардын нравалык-моралдык жана психологиялык карама-каршылыкка басым жасайт. Кабыргасы ката элек Абылдын иш процесси учурундагы абалдын өспүрүмдү кандай тарбиялап жаткандыгын көрсөтсө, ал эми түштөнүү учурундагы кырдаал аны ого бетер тереңдетет. Чыгарманын сюжеттик өзөгүнө кирген ар бир эпизод жаш баланын драмасын, доордун трагедиясын көрсөтүүгө баш ийдирилет. Өгөй бала Абылдын жеке драматизми менен замандын трагизми бирин-бири толуктап, уланткан көрүнүшкө айландырылат.

Абыл автор түзгөн диалогго түздөн-түз жана активдүү түрдө тартылбай,сырткы сүрөттөөнүн фонунда калган. Каармандын жүдөө, кемсинтилген жана кордолгон элеси өзүнө-өзү көз алдыга элестүү турдө тартылат

Чыгарманын финалында Өгөй ата Байгазы менен Абылдын ортосундагы карама-каршылык мындайча чечилет.

"- Сен эми бооруңду көтөрүп калдың,- деди Байгазы бир күнү Кара-Сууга чейин уйларды сүрүп келип, -ичинттим, кийинттим. Ушул эрезеге чейин жеткирдим. Кана мени менен качанкыга чейин бирге болоюн деген оюң бар? Андан көрө бир байга койчу болуп, жан багуунун камын жегин.

Абыл иштин ийгилигине күмөн санаган кишиче атасына тике карай албай жооп кайтарды:

-Апамды да ала кетейинби?

- Аны өзүң бил. Жок кара башыңды кор кылбасаң эле эрдигиң. Байгаз үйүнө кеткенден кийин Абыл көкүрөгүнө чап кенедей жабышкан кайгынын ызасына чыдабай көз жашын көл кылып, өгүздун үстүндө ыйлап жүрдү. Ыйлап бастырып, уйларды бир багытты карай тосту. Шоокумдан чоочуп, кара суунун көбөрүнөн учуп жөнөгөн өрдөктөрдү көрүүгө канчалык аракеттенсе да, жашка толгон кареги тунарыктап көргөзбөй койду" [6].

Коомдук-нравалык мазмундагы коллизияны күчөтүү максатында аңгемеде автор тарабынан билгичтик менен алынган көмүскөдө турган дагы бир конфликт бар. К.Осмоналиевдин да ушул бир үй-бүлөнүн, үч адамдын турмуш-тиричилигин, жашоо образын сүрөттөө менен катар, ал өткөн замандагы коомдук, социалдык карама-каршылыктардын мазмунун, анын нравалык-психологиялык натыйжаларын да берүүгө жетишкен.

"Өгөй" аңгемеси менен К.Осмоналиев кыска аңгеме жазууга ынтызар экендигин көрсөттү. Сөз болуп жаткан дагы бир маселе этнографизм. Жазуучунун чыгармачылык дүйнөсүнүн бөтөнчөлүгүн аттын кашкасындай дааналап, башкалардан бөлүп турган бул көркөмдүк жана социалдык мүнөздөгү сапат, улуттук колорит дал ушул балдарга арналган чыгармаларынан башталат. Бул белги анын чыгармаларында ырааттуулук менен өөрчүтүлгөн. Мындан башка дагы "Боорукер", "Тентек Энес", "Жардамчы", "Адилдик башталган учурда", "Таанышуунун акыры", "Кайрымдуу балапан", " Анча болбосо сабактан кечикмек", "Ата-эненин санаасы тынды", "Шыктуу бала" ж.б. аңгемелери улуттук адабиятыбыздын балдар прозасынын сапатын кескин көтөрүп жиберүүгө чамасы жок болсо да, анын сандык өнүгүүсүнө кол кабыш кылган адабий фактылардын катарында турууга кадимкидей укугу бар, башкача айтканда балдар адабиятында туруктуу түрдө жашап жана улантылып келе жаткан жакшынакай салттын айрым көрүнүштөрү К.Осмоналиевдин чыгармаларында да орун ала башташы анын көркөм изденүүлөрүнүн дагы бир маанилүү жагын көрсөтүп жатат.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Артыкбаев К. Эки повесть жөнүндө: КитептеТандалган чыгармалар, –Ф.1972.
2. Аскаров Т. Унутулган азаптын тактары //Ала-Тоо,1960, №4
3. Крупская Н.К. О детской литературе и детском чтении.-Л.,1954. с.183
4. Михалков С. Все начинается с детства. -М, Педагогика, 1972,с.43
5. Осмоналиев К. Бетке айтар: Аңгемелер. -Ф., Кыргыз окуу педмамбас
6. Осмоналиев К. Өгөй. Кыргызстан пионери, 1957, 4-февраль
7. Муратов А, Исаков К. Кыргыз балдар адабияты. –Б., 2012.
8. Кызыл Кыргызстан, 1952, 6-февраль.


***Рецензия жазган: ф.и.к., ТалМУнун доценти Т.К.Айталиева.***